УДК 070

**СЫДЫКОВА Г. Б.**
*Жусуп Баласагын ат.КУУ*
**СЫДЫКОВА Г. Б.**
*КНУ им. Жусупа Баласагына*
**SYDYKOVA G.B.**
*J.Balasagyn KNU*
**ДООТКАЗЫ К.Ж.**
*КНУ им. Ж.Баласагына*
**ДӨӨТКАЗЫ К.Ж.**
*Жусуп Баласагын ат. КУУ*
*J. Balasagyn KNU*

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ТЕЛЕКАНАЛДАРЫНДА АЯРЛУУ КАТМАРДАГЫ БАЛДАР ТУУРАЛУУ БЕРҮҮЛӨРДҮН ТҮЗҮЛҮШҮ

## Строение телепередач посвященных детям из уязвимых слоев населения на телеканалах Кыргызстана

## The structure of the television broadcasting on the topic of vulnerable children in kyrgyz tv

***Аннотация:*** *Бул макалада балдар тууралуу сюжет даярдоонун табиятын аныктоо, аярлуу балдар катмары, зордук-зомбулукка дуушар болгон балдар тууралуу эфирдик материал даярдоонун өзгөчөлүктөрүн, журналисттик этиканын сакталышын илимий негизде түшүндүрүү максаты көздөлөт.*

***Аннотация:*** *В данной статье говорится о том, как необходимо готовить сюжеты про детей; определение стиля материалов про "особый" слой населения, точнее: детей сирот и детей с ОВЗ; особенности подготовки сюжета, о детях, которые подверглись жестокому обращению; объяснение соблюдения журналисткой этики на научной основе - является целью работы.*

***Abstract:*** *This article aims to define the nature of preparation plot about children, to clarify the key features of preparation television broadcasting about vulnerable children and children exposed to violence. Additionally, this work aims to explain journalistic ethics on the scientific basis.*

***Ключевые слова:*** *СМИ, эфир, интервью, сюжет, текст, опрос, этика, профессиональная этика, закон.*

***Урунттуу сөздөр:*** *ЖМК, эфир, интервью, сюжет, текст, сурамжылоо, этика, кесиптик этика, мыйзам.*

***Key words:*** *Media, broadcast media, interview, plot, text, survey, ethics, professional ethics, and law.*

Жер жүзүндө адам баласы жашап турган маалда бала жана ага көрсөтүлүп жаткан ар кандай зордук-зомбулуктарды жалпыга маалымдоо каражаттарында (ЖМК) чагылдыруу актуалдуу бойдон кала берет. Макала жаш балдар темасын чагылдырууда журналисттерди эки эсе этият болууга үндөө максатын көздөйт. Ал эми буга чейин бул теманын алкагында өлкөбүздө сурамжылоолор жүргүзүлүп, ага балдар да катышкан. Жеткинчектер бул сурамжылоодо аларды зоопарктагы үйрөтүлгөн жаныбар сымал пайдаланарын айтышкан.

Кыргызстанда аярлуу катмардагы, маселен жетим же балдар үйүндө тарбияланган балдардын аянычтуу тагдырын кайсыл бир тараптын, балким ишкер, же чиновниктин, же журналисттин жеке кызыкчылыгы үчүн пайдалангандар жок эмес. Дагы бир олуттуу маселе бул балдардын телевидениедеги ар кандай шоуларга тартылышы. Аркы-теркини ажырата элек бала кээде үйдөгү оор жагдайы тууралуу айтып берет. Кийин эр жеткенде балалык кылып айтып койгонун ойлоп наразы болбос бекен? Буга 5-каналда, Пирамида каналында даярдалган берүүлөр далил [10]. Көрсөтүүдө балдардын тагдырына коомдун боорун оорутуу максатында аянычтуу кылып, анын окуясын көз жаш төгүп көрө тургандай даярдашат. Ал гана эмес, аты-жөнүн атап же көрсөтүп, сүрөтүн же видеосун коомчулук таанып калгыдай негизде айдан-ачык чагылдырышат. А ошол балдарга жардам колун сунумуш болуп, өзүн жарнамалаган ишкерлер менен саясатчылар жок дейбизби? Бул нерсени журналист даярдаган материалдан балдардын аянычтуу окуясын баяндап бүтүп-бүтө электе эле көрө алабыз. Мындай сюжеттердин биринде белгилүү “Kg групп” курулуш компаниясынын жетекчиси Имамидин Ташев балдар үйүндө тарбиялангандарга жардам колун сунуп, ал колун жөн сунбай, телеканалдын камерасы менен кошо сунганын кандай түшүнсөк болот? [3]

Чындап эле көмөк көрсөткүсү келгени анык болсо, аны эч кимге көрсөтпөй эле кылып койсо болбойт беле? Кыргызда оң колуң бергенди, сол колуң билбесин деген кеп бар го. Демек, бир гана жыйынтыкка келүүгө болот, аялуу катмарды курал кылып, өзүн коомго түздөн-түз жарнамалап жатат. Дайыма эле жардам берүү максатында эмес, айрым учурларда кимдир бирөөнүн берешендигин жарнамалоо максатында даярдалып калып жаткансыйт. Ал эми экинчи материалды карасак. Бул репортаж “СТВ” телеканалына жарыяланган. Анда балдар үйүндө тарбияланган балдар да башка балдарчылап таң заардан мектепке барары, андан соң ар кандай ийримдерге, курстарга катышып, келечегин түптөө менен алектенери баяндалаган [1].

Кыргызстан мыйзамдарына ылайык, 18ге толо электер бала катары саналат [6] Бала төрөлгөнүнөн тарта улуулардай эле укуктарга ээ. Бирок, бала али чабал да, ал өз укуктарын коргой албайт. Дал ошондуктан журналист балдар тууралуу материал даярдоодо этикалык эрежелерди бекем сактоого тийиш. Баладан маалымат же интервью алабы, сүрөткө тартабы – журналист биринчи орунга баланын кызыкчылыгын коюп, андан кийин гана өз максатын улашы керек [3: 68-72]

Биринчиден, бала тууралуу анын ата-энеси же аны асырап алгандар уруксат бергенде гана материал жасайбыз. Дээрлик бардык кодекстерде өзгөчө кырсыктарга же кылмыш иштерине байланышкан материал даярдоодо балдардын аты-жөнүн атабоого, алардын сүрөттөрүн жана тааныта турган жагдайларды чыгарбоого кеңеш берилет [5:80-82]. Тилекке каршы, бул эрежелер дайыма эле сакталбайт. Эң жөнөкөй мисал, Дача-Су айылындагы кулаган самолёттон улам ата-энеси каза таап, жетим калган Жакшылык аттуу 10 жашар баланын аянычтуу картинасын унута элек болсоңуздар керек. Же болбосо жакын тууганы тарабынан жыныстык жана физикалык зомбулукка кабылган 2 жашар Ибраимдин сүрөттөрүн бакыйта көрсөтө даярдалган материалдар.

Балдарга байланышкан маселелерди чагылдырууга журналист бөтөнчө этият болушу шарт. Бойго жете электердин жеке жашоосун чагылдырыш үчүн журналистте же редактордо жүйөөлүү негиз жана балдардын ата-энесинин, асырап алгандардын же мыйзамдуу өкүлдөрүнүн макулдугу болушу керек. Зомбулук окуяларга аралашкан, мыйзамсыз аракеттерге байланышы баро балдардын аттарын (же аларды таанууга мүмкүндүк берген белгилерин) жарыялоого жол берилбейт [7:12п.] ЖМКларга жарыяланган балдар тууралуу материалдар алардын келечегине залакасын тийгизиши мүмкүн экенин журналист ар дайым эсине тутууга тийиш. Кылмышкер же курмандыкка кабылган балдар тууралуу

материалдар ЖМКларда көпчүлүктүн бүйүрүн кызыткан темалар болуп саналат. Деген менен сенсация кубалап, баланын укугун бузууга жол берилбейт.

Балдар укуктары боюнча эл аралык конвенцияга [1:17-берене] жана Кыргызстандын Балдар кодексине ылайык [6:3-глава, 28-берене] журналисттерге төмөнкү этикалык стандарттарды тутунууга кеңеш берилет: Балдардын ата-энесинин, же асырап алган адамдын, же ошол учурда анын жоопкерчилигин алган адамдын катышуусу астында гана интервью алынат жана сүрөткө тартылат;

Кыргызстан ЖМКларында бул эрежелер көп учурда сакталбайт. Уурулук кылып колго түшкөн, же бири-бирин урган, кырсыктан же оорудан жабыр тарткан өспүрүмдөрдүн сүрөттөрүн гезит беттеринен көрүп эле жүрөбүз. Мамлекеттик кызматкердин үйүнө кирип, тоноп, аны сабап кеткен үч өспүрүмдүн сүрөтү дээрлик бардык ЖМКларга чыккан. Алар үй ээсин кантип бычактагандарын сүрөттөп жазышкан да, алардын орду түрмөдө дегендей корутунду чыгарышкан. Ошентип, өзүбүз билип-билбей баралына келе элек өспүрүмдөрдүн тагдырын чечип салдык. Дагы бир олуттуу маселе бул балдардын телевидениедеги ар кандай шоуларга тартылышы. Аркы-теркини ажырата элек бала кээде үйдөгү оор жагдайы тууралуу айтып берет. Кийин эр жеткенде балалык кылып айтып койгонун ойлоп нааразы болбос бекен?

Изилдөөлөр боюнча**,** ЖМКлардын мамилесинен балдарга төмөнкү нерселер жакпайт экен [3:70]:

-алардын чын дилден айткан ойлору күлкү, тамаша катары берилет (чоңдор күлкүгө айландырышат);

-ЖМКлар адамдардын боорун ачытыш үчүн каргашага кабылган балдардын сүрөттөрүн жана окуяларын кыянаттык менен пайдаланышат;

-ЖМКлар балдарга кичиксинтип мамиле кылышат;

- Балдарды циркте үйрөтүлгөн жаныбарлардай иш жасоого мажбурлашат;

-Чоңдор балдардын оозуна өзү каалаган сөздү салып беришет же алардын сөзүн жыра талашат.

Балдар-өспүрүмдөр тематикасын чагыдыруу боюнча эскертме. Балдар укутары боюнча эл аралык конвенцияга жана Кыргызстандын Балдар кодексине ылайык журналисттер төмөнкү этикалык стандарттарды тутунууга кеңеш берилет. [3:71]

Негизги маалымат булагы болгон учурда балдарга өз проблемаларын айтырууга мүмкүндүк берүү (бирдеме берем деп алдабастан);

- Эгер балдарга коркунуч туулса, жаңжалдар менен тартип бузуулардын катышуучусу, курмандыгы же күбөсү болсо, ошондой эле өз тек-жайын ачык айтпоону(көрсөтпөөнү) суранса, анда алардын сүрөтүн жана текжайын ачык айтпайбыз. Мындай учурларда ТВ сюжеттерде техникалык каражаттар аркылуу сырткы көрүнүшү өзгөртүлөт (бетин күңүрт кылуу ж.б.)
- Балдардын сексуалдык мүнөздөгү образдарынын фото жана видеоматериалдарын жарыялабоо;
- Балдардын ата-энесинин, же асырап алган адамдын, же ошол учурда анын жоопкерчилигин алган адамдын катышуусу астында гана интервью алынат жана сүрөткө тартылат;
- Бир нерсени же ким бирөөнү туурап бер деп суранбоо/мажбурлабоо;
- Жеткинчек-өспүрүм проблематикасы боюнча материалдарды даярдоодо юристтерден жана психологдордон кеңеш алуу;

- Балдардан интервью алган учурда аларга чоңсунбай, тең ата мамиле жасоо, жөнөкөй жана түшүнүктүү сөздөр менен сүйлөшүү. Эмне жөнүндө материал жасалып, эмне максат менен андан маек алынып жатканын жана каерде жарык көрөрүн балдарга так жана ачык айтуу;
- Балдардын таламын талашкан жана алардын атынан сүйлөгөн уюмдардын ишин текшерүү. Жыйынтыктап айтканда, үй-бүлө институту, анын ичинен балдар темасы өтө кылдат мамилени талап кылган катмар. Адамдык факторлорду эске алуу менен журналисттин этиканы бузуп, кесибинин же сенсациянын артынан кууп кетүүсү жат көрүнүш. Маселенин алдын алыш үчүн болочоктогу жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнө окуу жайларда жана редакцияда жогорудагы темаларды кантип туура чагылдыруу керектиги жакшылап окутулушу керек.

***Пайдаланылган адабияттар:***


1. Билл Ковач, Том Розенстил, Журналистиканын негиздери – Бишкек-2011.
2. Дыйканов Б., Орунбеков Б., Станалиева Г., Дүйнөлүк журналистиканын тарыхы Жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн окуу китеби. – Бишкек - 2019. – 468 бет
3. Жумагулов С., Журналистикага жол окуу китеп. – Бишкек 2015 - 116 бет. Адам укуктарын чагылдыруу (журналисттер үчүн колдонмо) –Бишкек - 2012.
4. Орунбеков Б., Журналистиканын эл аралык стандарты, окуу-усулдук колдонмо. – Бишкек - 2009.
5. Орунбеков Б., Журналистика негиздери. Жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу китеби – Бишкек 2015. – 240 б.

Телевидение материалдары, интернет булактары:

1. ГТРК «СТВ» 2019-ж.
2. Пирамида телеканалы 2018-ж.10-март
3. НТС телеканалы, жаңылыктар, 2018-ж, 6-сентябрь,

www.azattyk.kg
www.bbckyrgyz.com
www.akipress.kg
https://www.youtube.com/watch?v=RH1XH0XT2IE

Мыйзамдар:

1. БУУ, Бала укуктары жөнүндөгү Конвенция, 1989, 20-ноябрь.
2. КРдин Журналисттин кесиптик ишмердүүлүгүн коргоо жөнүндө мыйзамы, 1997, 5-декабрь.
3. Кыргыз Республикасынын Массалык маалымат каражаттары жөнүндө (1992-жылы).
4. КР Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу жөнүндө мыйзамы.
5. КР Басма иши жөнүндө мыйзамы.
6. Кыргыз Республикасынын Балдар кодекси, 2006, 7-август, 4-бөлүм, 18-берене.
7. КР журналисттеринин этикалык кодекси, *2007, 8-декабрь.*



***Рецензент: Орозалиева Ж.М –*** *филология илимдеринин кандидаты, Ж.Баласагын атындагы КУУнун ага окутуучусу.*